**ОШ ЭЛ АРАЛЫК МЕДИЦИНАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ**
**ОКУМУШТУУЛАР КЕҢЕШИНИН № 5 ЖЫЙЫНЫНЫН ПРОТОКОЛУ**

2026-жылдын 13-марты

Катышкандар: Окумуштуулар кеңешинин 15 мүчөсү

**КҮН ТАРТИБИ:**

**1.** ОЭАМУнун 2025–2026-окуу жылынын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыктары боюнча эсеп-кысабы.

Биринчи маселе Ош эл аралык медициналык университетинин 2025–2026-окуу жылынын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыктары боюнча эсеп-кысабы жөнүндө деген маселени талкуулоонун жана жарыш сөздөрдө айтылган сунуштардын негизинде Окумуштуулар Кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. ОЭАМУнун «Дарылоо иши» факультетинин деканы Н.М. Ташматованын 2025–2026-окуу жылынын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыктары боюнча эсеп-кысабы ***канааттандырарлык*** деп баалансын.
2. Бардык сабактарга окутуучулар өз убагында кирип, сабактар интерактивдүү методдор менен өткөрүлүшү камсыздалсын жана анын аткарылышын кафедра башчылары көзөмөлгө алышсын;
3. Бардык сабактар боюнча тесттик суроолор тестологиянын талаптарына ылайык кайрадан каралып чыксын;
4. Экзамендик тесттик суроолор семестрдин башында бекитилип, тесттик суроолор ар бир сабакта колдонулсун жана студенттерге берилсин;
5. Окутуунун жыйынтыктарын камсыз кылуу максатында студенттердин зарыл болгон компетенциялары иштелип чыгып, толукталсын;
6. Жумушка жаңы кабыл алынган окутуучулар үчүн кредиттик система, технологиялык карталар жана силлабустар боюнча үйрөтүүчү семинарлар көбөйтүлсүн;
7. Окутууда инновациялык методдор жана ыкмалар колдонулсун;
8. Окуу процессинде eBilim электрондук журналынын туура толтурулушуна кафедра башчылары тарабынан көзөмөл жүргүзүлсүн;
9. Студенттердин жетишүүсүнө жана окуу процессине болгон канааттануусуна үзгүлтүксүз мониторинг жүргүзүлсүн;
10. Тобокелчиликтерди аныктоо жана баалоо боюнча иштер жүргүзүлсүн;
11. Жамаатты документтештирилген маалыматтарды туура жүргүзүүгө үйрөтүү иштери уюштурулсун;
12. Бүтүрүүчүлөрдү жана жумуш берүүчүлөрдү тартуу боюнча иштер күчөтүлсүн.
13. Жогоруда көрсөтүлгөн токтомдордун аткарылышын кафедра башчылары камсыз кылышсын, ал эми алардын аткарылышын көзөмөлдөө факультеттин деканына жүктөлсүн.

Төрага Джумаев Р.М.

Катчы Кочконбаева С.И.